2017-2018-окуу жылында мектептин айланасын тосуу үчүн 1976-жылкы окуучулардын демөөрчүлүгү менен 142 000 сом акча каражаты сарпталган. 30 000 сомго арча көчөттөрү ортугузулган.

2018-2019-окуу жылында 30 000 сомго китепкана үчүн фундамент курулган.

2019-2020-окуу жылында ашкана салуу үчүн 450 000 сом өкмөттүн бюджетинен бөлүнүп, жаңы ашкана курулган.

2020-2021- окуу жылында ашкананын  ремонтуна жана инвентарларына өкмөттөн 600 000сом жана рай.мам.адм.

1 200 000сом акча каражаты бөлүнгөн.

2021-2022-окуу жылына ашкана ысык тамак ичүүгө толугу менен өтүүгө даяр. Бириккен Улуттар Уюмунун дүйнөлүк азык түлүк программасы тарабынан 4 000 долларлык жабдуу орнотулду.

Ата-энелер тарабынан 150 000 сомго мат (спортзалга) алынып берилди.

2018-2019- жана 2019-2020-окуу жылдарында информатика предмети боюнча областка барып 4-орунду алган.

2019-2020-окуу жылында орус тили  каанасында демөөрчүлөр тарабынан 15 парта, 30 отургуч, 1 мугалимдик стол, 1 мугалим отуруучу стул жаңыланды.

2020-2021-окуу жылында мектептин дарбазасы демөөрчүлөр тарабынан жаңыланды.

2021-2022-окуу жылында демөөрчүлөр тарабынан 75 метр тереңдиктен таза суу чыгарылды.